***Айтбаева Б.М.*** *- КМЮАнын конституциялык жана муниципалдык укук кафедрасынын окутуучусу*

**УДК 34./23:325.1](470+571)(575.2)**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ЖАНА ОРУС ФЕДЕРАЦИЯНЫН ОРТОСУНДАГЫ МИГРАЦИЯНЫ ЖӨНГӨ САЛУУ ЧӨЙРӨСУНДӨ МАМЛЕКЕТТЕР АРАЛЫК ӨЗ АРА АРАКЕТ КЫЛУУ ЭТАПТАРЫ

***Аннотация:*** *Бул макалада Кыргыз Республикасы жана Орус Федерациясынын ортосундагы миграцияны жөнгө салуу чөйрөсүндө мамлекеттер аралык өз ара аракет кылуу этаптарына жана ошондой эле эки тараптуу, көп тараптуу эл аралык келишимдерди тузуунун жана жогорку деңгээлде жолугушууларды уюштуруунун, өкмөт деңгээлиндеги суйлөшуулөрду өткөруунун автордук көз карашы каралат.*

***Аннотация:*** *В статье рассмотрено авторское видение этапов регулирования миграции населения между Кыргызской Республикой и Российской Федерацией, как в процессе законотворчества обоих государств, так и заключения двухсторонних, многосторонних международных договоров и организаций встреч на высоком уровне и ведения переговоров на правительственном уровне.*

***Annotation:*** *The author's vision of the stages of regulation of migration between the Kyrgyz Republic and the Russian Federation, both in the legislative process of both countries and in process of signing bilateral, multilateral international treaties, organizing high-level meetings and negotiations at the governmental level is regarded in the article.*

***Негизги сөздөр:*** *миграцияны жөнгө салуу, көп тараптык эл аралык келишимдер, эмгек мигранттардын укуктарын социалдык-укуктук коргоосу, легалдуу эмес миграция, административдик-укуктук механизмдер.*

***Ключевые слова:*** *регулирование миграции, многосторонние международные договора, социально-правовая защита прав трудовых мигрантов, нелегальная миграция, административно-правовые механизмы.*

***Keywords:*** *migration management, multilateral international treaties, social and legal protection of the rights of migrant workers, illegal immigration, legal and administrative mechanisms.*

Кыргыз Республикасы менен Орус Федерациясынын ортосундагы калктын миграциясын жөнгө салуу маселелери шарттуу турдө төрт этапты өттү. Бул этаптар эки мамлекеттин ортосундагы чыныгы геосаясий жана экономикалык мунөздуу багыттарды чагылдырат. Баштапкы этаптарда Кыргыз Республикасынын жана Орус Федерациянын ортосундагы калктын миграциясы маселелери боюнча өз ара аракет кылуунун механизмдери негизинен көп тараптуу эл аралык макулдашуулардын алкагында тузулгөндугун өзгөчө белгилеп кетиш керек.

**Биринчи этапта** (1991-1993 жж.) миграциянын жөнгө салуу чөйрөсүндөгу эл аралык өз ара аракеттенуусу 1991-жылдын 21-декабрында тузулгөн жаңы тузум - Көзкарандысыз мамлекеттердин шериктештигинин (КМШ) алкагында башталган. Ал, бир тараптан, начар, борборго умтулма агымдары менен мажбур болгон, экинчи тараптан, мурунку өтө кучтуу державанын туруктуу саясий, экономикалык жана социалдык байланыштарды жаңы мамлекеттер аралык тузумдун форматында сактоо зарылдыгы менен байланыштуу болгон.

Кыргызстандын борборунда - Бишкекте -1992 ж. 9-октябрда "КМШ мамлекеттердин жарандарынын анын аймагында визасыз бир жерден экинчи жерге өтуу жөнундө" (мындан ары - Бишкектик макулдашуусу) макулдашуусуна кол коюлган. Бул макулдашууда "Тараптардын жарандары визасы жок, инсандыкты ырастоочу документ же жарандыкты ырастоочу документтер менен кируу, чыгуу жана тараптардын аймагында бир жерден экинчи жерге өтуугө укугу бар" деп ачык аныкталаган [1]. Мындан тышкары, Бишкектин макулдашусуунун мамлекет-катышуучулардын аймагында кируу, чыгуу жана тараптардын аймагында бир жерден экинчи жерге өтуудө визасыз режими учунчу мамлекеттердин аймагында узак мөөнөттө, туруктуу жашаган Тараптардын жарандарына да берилет.

Макулдашуу КМШга кирген мамлекеттердин өзгөчө кырдаалда паспорттук жана текшеруунун башка турлөру менен текшеруу жургузуу аркылуу өзунун чектерин жана аймагын коргоо укугун ырастады [2].

1992 ж. 13 ноябрында Москвада "КМШнын мамлекеттер-катышуучулардын визаларын өз ара таануу" ( мындан ары - Москвалык макулдашуусу) макулдашуусу тузулгөн. Анда "ар бир Тарап чет элдик жарандарга Тараптардын компетенттуу органдары аркылуу берилген кируу, чыгуу жана транзиттик визаларды өз ара тааныйт" деп бекитилген [3]. Бул визалар алардын ээсине КМШнын башка мамлекеттердин аймактарынан транзит аркылуу көздөө жайына же учунчу мамлекетке чыгуу пунктуна тоскоолсуз өтуу укугун берчу. Макулдашуунун мамлекет-катышуучуларынын аймагында убактылуу турган чет элдик жарандардын келуу жана журуу тартиби алардын улуттук мыйзамдары менен ылайык аныкталчу [2]. 1992 ж. Бишкектик жана Москвалык макулдашуулар КМШ чоңураак бөлугунде мамлекет-катышуучулардын жарандарынын бир жерден экинчи жерге өтуудө визасыз шарттамы сакталган жана макулдашууларда мамлекет-катышуучулар аркылуу алардын компетенттуу органдары тарабынан берилген визаларды өз ара таануу принциби жарыяланган.

1992 ж. март айында КМШ өлкөлөрдун ортосунда "баaракы менен камсыздоо жаатында КМШнин мамлекет-мучөлөрунун жарандарынын укуктарынын гарантиялары жөнундө" макулдашуусуна кол коюлган. Бул макулдашуу боюнча СССР курагандан кийин өз мекенине кайтып келген мурунку союздук республикаларынын тургундарына алардын эмгек стажын аныктоо жана баaракы дайындалышы тууралу суроолорду жарым-жартылай жөнгө салууга мумкунчулук тузулду. 1994-ж. апрель айында "Жумушчу кучунун миграциясы жана эмгекчи-мигранттардын социалдык коргоо жаатында кызматташуу жөнундө" макулдашуусуна кол коюлган. Бул макулдашуунун андан аркы ратификациясы КМШнин айрым өлкөлөрдун ортосунда чыккан карама-каршылыктарды ачып көрсөтту. Грузия жана Туркменистан - эки мамлекет учун Макулдашуу өз кучунө кирген жок [4]. 1994 ж. декабрында КМШ алкагында "Эмгекти коргоо жаатында жана өз жашаган өлкөнун сыртында жургөн жумушчулардын өндуруштук майып болуучулугун аныктоо боюнча кызматташуу жөнундө" макулдашууга кол коюлган.

Чоң геополитикалык өзгөруулөрдун фонунда КМШнын алкагында Кыргыз Республикасы тарабынан кол коюлган миграцияны жонгө салуу жаатындагы көп тараптуу макулдашуулар советтен кийинки мейкиндиктикте мурунку союздук республикалардын бөлунуп кетишинин терс кесепеттерин азайтып, калктын кунумдук турмушунда зарыл болгон социалдык механизмдердин иштешин камсыздандырууга жол ачылды.

Бара-бара КМШ аймагында мамлекеттердин экономикалык жана саясий обочолоо процесси кучтөнуп баштады - мурунку союздук республикалардын "цивилизациялуу ажырашуусу" болуп жатты. Ушундай шарттарда миграциянын жөнгө салуу жаатындагы **экинчи этабы** (19941997 жж.) башталып, ал КМШнин өлкөлөрунун көп тараптуу өз ара аракеттенуусунун азайышы менен жана айрым мамлекеттердин ортосундагы эки тараптуу келишимдердин негизинде миграцияны жөнгө салууга өтушу менен, ошондой эле легалдуу эмес миграциясы менен курөшууде чараларды кабыл алуу менен мунөздөлөт. Бир четинен, өлкөлөрдун Бишкек жана Москва макулдашууларынан "массалык чыгуусу" башталды. Бишкек макулдашуусунан чыгуу жөнундө 1999 ж. 9-июнда Туркменистан, 2000 ж. 16-апрелинде - Узбекистан, 200 ж. 3-декабрында Россия [5], 2001 ж. 8 январында - Казахстан жарыялашты. Москва макулдашуусунан Узбекистан чыкса, Россия болсо өзунун аймагынан чет элдик жарандардын транзиттик өтуу тартибин убактылуу токтоткон [6]. Эмгек миграциясынын жаатында кызматташуу жөнундөгу макулдашуунун колдонуу практикасы анын эффективдуу эмес экендигин көрсөтту, анткени жумушчу мигранттардын негизги массасы укук талаасынын сыртында калып калышып, өзунуц маселелерин өз алдынча, легалдуу эмес чечишип журушту, экинчи четинен - КМШ өлкөлөрдун ортосунда жарандардын визасыз журушу жана миграциялык процесстерди женге салуусу боюнча эки тараптуу жана көп тараптуу макулдашуулардын институту пайда болду. Ошону менен катар, Кыргызстан ошол убакта Кыргызстан жана Россиянын ортосунда жарандардын визасыз барып келуу жөнундө (1999 ж. 17 июль) [7], миграциялык процесстерди жөнгө салуу жөнундө; Казахстан менен (2003 г. 25 декабрь)

[8], Таджикистан менен (2004 г. 26 май) [9] эки тараптуу макулдашууларга; Казахстан жана Узбекистан (1997 г. 7 август); Беларусь, Казахстан, Россия, Таджикистан (2000 ж. 30 ноября) менен көп тараптуу макулдашууларга кол койду. Эки тараптуу макулдашуулардын негизги жалпы жоболору кируу жана каттоо эрежелерин сактоо менен визасыз кируу, чыгуу жана транзит менен өтуу мумкунчулуктөрунө; өткөруу пункттан жарандардын өтуусунө, макулдашуунун Тараптарынын жарандарын учунчу өлкөлөргө тийиштуу документтер менен өткөруугө; кандай тарап болбосун анын улуттук мыйзамдары чыгууга чектелген жарандардын учунчу өлкөлөргө чыгууга уруксат бербөө боюнча чараларды колдонууга такалат. Ошондой эле эки тараптуу келишимдерде кээ бир өлкөлө менен бир катар өзгөчө жоболор бар.

Мисалы, 1996 ж. жана 2003 ж. Кыргызстан Орусия менен Орусия Федерациянын аймагында Кыргызстандан барган жумушчу мигранттардын укуктарын социалдык-укуктук коргоосунун регламентөөчу бир катар макулдашууларды тузгөн [10]. Макулдашууларда Кыргызстандан Орусия Федерациясына барган жарандардын (мигранттардын) же жарандардын айрым категорияларын (мисалы, стажерлорду жана студенттерди) жумушка жиберуу жана кабыл алуунун жоболору жана принциптери жазылган. Практика көрсөткөндөй, эки тараптуу макулдашуулар толук көломдө аткарылбаса деле, ошого карабостан, алар мамлекет аралык кызматташтыктын маанилуу жана пайдалуу элементи болуп эсептелинет да, чет элдик жумушчулардын укуктарын жарым-жартылай болсо да коргоого мумкунчулук берет.

Миграцияны жөнгө салуу процесстерин мамлекет аралык макулдашуулардын тегиздигинен эки тараптуу макулдашуулардын тегиздигине которуунун негизги себептери катары мыйзамсыз миграциянын, уюшкан кылмыштуулуктун, КМШнин аймагында курал жана баңги заттардын контрабандасынын кучөшу, жана ушунун кесепетинен кол коюлган макулдашуулардын чегинде коопсуздукту камсыздоо мумкун эместиги болуп калды.

**Учунчу этап** (1998-2005 жж.) Евразиялык экономикалык коомдоштуктун, колективдуу коопсуздук жөнундөгу Келишим, Борбордук-азиялык экономикалык коомдоштуктун алкагында мамлекет аралык бирикмелердин негизинде миграцияны жөнө салууга өтушу менен байланыштуу[11].

Эмгек миграция Кыргыз Республикасынын жана Орусия Федерациясынын ортосундагы алакалашуунун кучтуу фактору болуп калды. Ал эки өлкөнун экономикасынын ортосундагы башкалардан бөлөкчө, бекемдегич, бириктиргич элементке айланып калды. Так ушул мезгилде Кыргызстандан эмгек миграциясынын жогору-ларышы байкалган. Кокустан эмес, Кыргызстандын, Таджикистандын, Узбекистандын бийликтери - Орусиянын аймагына негизги жөнөткуч катары, жана орус өкмөту өзу да кээ бир субрегионалдык алакалашуулук бирикмелердин алкагында миграцияны жөнгө салуу маселелерине чоң маани берип башташты. Борбордук-азиялык мамлекеттердин калкынын бир топ бөлугунун жаңы экономикалык шарттарга көнуу, байырлануунун реалдуу ыкмасы болуп калган миграция көйгөйлорун байкабай же ага тоскоолдук кылуу - бул өзунун жарандарын жакырдыкка жана жумушсуздукка алып келуу дегенди билдирет. Бул кырдаалда, 1998 ж. апрель айында Бажы бirимдигин мамлекет-мучөлөрунун, кийин Евразиялык экономикалык коомдоштуктугун тузушкөн, Мамлекет аралык Кенеши менен «Карапайым калкка карата он жөнөкөй кадамдар жөнундө» билдируу кабыл алынган. Анда калктын жашоо шарттарын жакшыртуу жолунда эң маанилуу кадамдардын бири катары « ... жарандарга төрт мамлекеттин чек арасын, чек ара, бажы, жана башка текшеруу турлөрун өтууде эркин жана тең укугун камсыздоо» болуп саналат [12]. Бул жобону ишке ашыруу максатында Беларусь Республикасы, Казахстан Республикасы, Кыргыз Республикасы жана Орус Федерациясынын Мамлекет аралык Кеңешине караштуу өкмөт башчылардын Кецеши «Бажы биримдигинин мамлекет-мучөлөрунун чек ара-ларынан өтуудо жеке жактардын эркин жана тең укугун камсыздоо жана алар товарларды жана валютаны тосколдуксуз өткөруу боюнча камсыздоо жөнундө» Макулдашууну кабыл алган. Бул документ 1999 ж. 22 сентябрында №103 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен ратификацияланган жана 2000 ж. 24 январында өз кучунө кирген. Макулдашууда Тараптар мамлекеттик чек араларда өткөрмө пунктарында, ошондой эле эл аралык аба порттордо жеке жактардын артыкчылык менен, жөнөкөйтулгөн тартибинде өтуусун жана

алар товарларды өткөрууну, зарылчылык болгондо өзгөчө «коридор» уюштурууда чараларды көруу алдын ала караштырылган. Жеке жактардын артыкчылык менен, жөнөкойтулгөн тартибинде өткөруусунун негизи болуп Бажы биримдигин макулдашуусунун мамлекет-мучөлөрунун биринин аймагында туруктуу жашоосунун фактысын ырастаган колдонуудагы документтердин бардыгы болуп эсептелинет(Макулдашуунун 3 бер.).

Акыры, миграциянын жөнгө салуунун **төртунчу этабы** (2006 ж. - азыркы убакытка чейин) «визалык асимметриянын» тажрыйбасын киргизууну - жөнөкөйтулгөн визалык шарттамынын схемасын колдонууну атаса болот. 2005 ж. мартында макулдашуунун Кыргызстандын жарандарына Орус Федерациясынын чек арасынан өтуудөгу шарттамын мындан да жөнөкөйлуштургөн Токтомуна кол коюлду. Бир өлкөдөн экинчи өлкөгө эми визасыз гана эмес, ички паспорт менен барууга да уруксат болуп калды. Миграциялык шарттамды жеңилдетуу боюнча кээ бир кадамдар эки тараптуу жана көп тараптуу макулдашуулардвн негизинле жасалган. Элкелердун ортосундагы екмет жана мамлекет башчылар деңгээлиндеги толук кызматташтык жөнгө салынды. 2005 ж. 5-октябрында Душанбе шаарында өкмет деңгээлинде КМШнин мамлекет-мучөлөрунун миграциялык органдардын башчыларынын тузуму боюнча Макулдашууга кол кюлган. 2007 ж. 5 октябрында «КМШнин мамлекет-катышуучуларынын миграциялык саясатын макулдаштыруу боюнча сунуштар жөнундө» Чечимге кол коюлган. Бул документте төмөнку багыттарда миграциялык саясатты жургузуу сунушталган:

- эмгек миграциясынын маселелерин жана мыйзамсыз миграция менен курөшуу жөнгө салган эл аралык келишимдерди тузуусун улантуу;
- жарандардын барып келуусуне жакшы шарт-тарды тузуу;
- ез ара программаларды жана пландарды иш-теп чыгаруу;
- КМШнин мамлекет-катышуучуларынын мамлекеттик чек араларында колдонуудагы чек аралык жана миграциялык текшерууну жакшыртып мыктылоо;
- КМШнин мамлекет-катышуучулардагы толук ыйгарымдуу миграциялык органдардын өкулчулук институтун кеңейтуу;
- эмгек миграциянын жаатында улуттук мыйзамдардын өзгөруулеру боюнча өз ара маалымдоо.

Ушул убакта эле Кыргыз Республикасы чет жактагы жарандарды колдоо максатында кучөтулгөн турде мамлекеттик саясатты калыптануу боюнча иш жургузө баштады. 2004 ж. Кыргыз Республикасынын Экметуне караштуу миграция жана жумуштуулук боюнча Мамлекеттик комитет тузулгон, КРнын Жогорку Кецешине караштуу -эмгек миграциясы боюнча Комиссиясы тузулгөн. 2005 ж. Россия шаарларында - Самарада, Казаньда, Воронежде, Екатиренбургда жумушчу мигранттардын балдары окуй турган жекшембилик кыргыз мектептер ачылды. Оренбург, Сургут, Казань, Москва, Новосибирск шаарларында омбудсмендин өкулдеру дайындалган. 2006 ж. 28 февралында КР өкмөту жана Пенза областынын администрациясы менен «Эмгек миграциясынын маселелери боюнча өз ара кызматташуу жана жардам көрсөтуу жөнундө» макулдашууга кол коюлду. Документтин негизги маңызы - ушундан баштап кыргыз жарандардын Пенза областында ишке орношуу маселелери Кыргызстандын башчылыгы жана Пенза областынын администрациясы аркылуу чечилет. Ырасын айтканда, азыркы кыргыз-орус мамилелеринин тарыхында биринчи жолу Пенза областынын ишканалары КРнын Өкмөтунө кесипкей жумуш кучунун керектуу санына тапшырык жасоого мумкунчулук бере турган, ошонлой эле Кыргызстанга россиялык жумуш беруучулердун зарылчылыгы боюнча керектуу кадрларды тандап берууге мумкунчулук берген документке кол коюлду. Мындай макулдашуулар 2008 ж. Самара, Омск, Волгоград жана Воронеж областтары менен тузулду.

2006 ж. Кыргыз Республикасынын миграциялык мыйзам чыгаруусунда чоң өзгөруулөр болду. 2006 ж. 13 январында Кыргыз Республикасы-нын № 591 «Тышкы эмгек миграциясы жөнундө» жацы Мыйзамы кабыл алынды. Бул Мыйзам эмгек миграциясында болгон тушунуктөрун жана терминдерин жана Кыргыз Республикасынын жарандарынын чет мамлекетте ишке орношуу максатында кетуунун тартибин кеңейти.

2006 ж. 8-сентябрынын КРнын Экметунун № 639 Токтому менен «Кыргыз Республикасынын жарандарынын чет жакта ишке орношуу боюнча ишмердуулугун

жүзөгө ашыруу тартиби жөнүндө» Жобосун бекитти. Ушуну менен, мыйзам чыгаруучулукту мыктылоо жолу менен эмгек миграциясынын легалдуу жолдордун көбүрөөк эсебин ачууга максатташтырылган ылайыктуу шарттарды түзүүгө багытталган түзөтүүлөр киргизилген.

Ошондой эле, миграция жаатындагы мамлекеттик жөнгө салууну аныктаган бир катар көп жылдык программалар иштелип чыккан, анын ичинде негизги ордун Кыргыз Республикасынын 2005-2010 жж. карата мамлекеттик миграциялык саясаттын Концепциясы ээлейт. Бул Концепция миграциялык саясатты мамлекет үчүн артыкчылыгы бар деп аныктайт. Чет жакка кеткен жарандарды колдоо механизмдери керек, Кыргызстандын эл аралык рыногуна алакалашуусу Кыргыз Республикасынан жумушчу күчтүн экспортунун өсүшү менен коштолушу керек

Жыйынтыктоо сөзүндө, Кыргыз Республикасы жана Орус Федерациясынын ортосундагы эмгек миграциясын жөнгө салуу жаатында мамлекет аралык өз ара аракеттенүү жолу узак жана кыйын болгон деп белгилесе болот, бирок ошентсе да, бул жаатында чоң иш жүргүзүлүп, көптөгөн макулдашууларга жетиштик десе болот. Макаланын автору Кыргызстандын эмгекке жарамдуу калкынын миграциясын жөнгө салуу жана адардын укуктарын коргоо маселелеринде бурулуш жери боло турган кийинки бешинчи этаптын келишине толук ишенет. Ал этап сөзсүз түрдө Кыргыз Республикасынын Евразиялык экономикалык биримдигине кириши менен башталат.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТЫН ТИЗМЕСИ:

1. Соглашение о безвизовом передвижении граждан государств Содружества Независимых Государств по территории его участников (Бишкек, 9 октября 1992 года) [Текст] // Бюллетень международных договоров. - 1993. - № 10.

2. Кыдыров, Т.К. Некоторые аспекты правового регулирования миграционных процессов между Кыргызской Республикой и Российской Федерацией [Текст] / Т.К. Кыдыров // Внешняя миграция русскоязычного населения Кыргызстана: проблемы и последствия: материалы науч.-практ. конференции (г. Бишкек, 6 июня 2005 г.).
- Бишкек, 2005. - С. 48-54.

3. Соглашение о взаимном признании виз государств-участников Содружества Независимых Государств [Текст] // Бюллетень международных договоров. - 1992. - № 4.

- Шульга, В.Л и соавт. Состояние рынка труда и миграция населения в СНГ: Аналитический доклад [Текст] /Шульга В.Л., Топилин А.В., Дрож-жинова Г.А., Проскурякова О.А. // Экономика СНГ.Вып. 4. - М.: Исполком СНГ, 2000. - 145 с.

4. Постановление Правительства РФ «О выходе Российской Федерации из Соглашения о безвизом передвижении граждан государств Содружества Независимых Государств по территории его участников» от 30 августа 2000 года №641 [Текст] // Сборник законов РФ. - 2000. - № 36. - Ст. 3662.

6. Постановление Правительства РФ «О временном приостановлении действия порядка транзитного проезда иностранных граждан через территорию Российской Федерации, предусмотренного ст.1 Соглашения о взаимном признании виз государств-участников Содружества Независимых Государств» от 15 декабря 1999 года № 1393 [Текст] // Сборник Законов РФ. - 1999. - № 51, ст. 6358.

7. Соглашение между Правительством Кыргызской Республики и Правительством Российской Федерации о сотрудничестве по пограничным вопросам от 17 июля 1999 года [Электронная версия] // Законодательная база стран СНГ. Режим доступа. - http://base.spinform.ru/show_doc. fwx?rgn/

8. Соглашение между Правительствами Кыргызской Республики и Республики Казахстан о пунктах пропуска через государственную границу. от 25 декабря 2003 года [Электронная версия] // Законодательная база стран СНГ. Режим доступа. - http://base.spinform.ru/show_doc.fwx?rgn/

9. Соглашение между Правительствами Кыргызской Республики и Республики Таджикистан о пунктах пропуска через кыргызско-таджикскую границу. от 26 мая 2004 года [Электронная версия] // Законодательная база стран СНГ. Режим доступа. - http://base.spinform.ru/show_ doc.fwx?rgn/

10. Соглашение между МИД КР и МВД РФ о сотрудничестве в области миграции от 18 апреля 2003 года [Электронная версия] // Законодательная база стран СНГ. Режим доступа. - http://base. spinform.ru/show_doc.fwx?rgn/

11. Итоги деятельности СНГ за 10 лет и задачи на перспективу [Текст] // Дипломатический вестник. - 2001.- № 12. - С. 74-80.

12. Садовская, Е.Ю. Трудовая миграция в Казахстане на рубеже XXI века: основные тенденции и перспективы [Текст] /Е.Ю. Садовская. - Ал-маты: Гылым, 2001. - 260 с.